кыздар бул тырмактын тактары дегенде, ал Р.Жумабаеванын олумуно тиешем жок, ошол куну тун ичинде аны 10 чакты балдар зордуктап кетишдиги жонундо айткан.

Тергоо учурунда кубо катары суралган Максат уулу Аким томонкулорду корсоткон. Ш.Аманбаева жана А.Турсунбековага 2010 жылдын 5 апрелде кечинде жолугуп, саат 23-00 чамаларда уйуно кеткендигин корсоткон /Т. 1 .и.б.78/.

Тергоо учурунда кубо катары суралган Ж.Жунушева томонкулорду корсоткон. 2010 жылдын 5 апрелде болжол менен саат 23-00 чамаларда, анын кызы Р.Жумабаева жана анын уулу менен залда жатышкан. Болжол саат 03.30 чамасында эшиктин конгурооосу эки жолу шынгыраганда Р.Жумабаева туруп, эшикти караганы чыккан. Ошол маалда небереси ойгонуп, ыйлап баштаганда, ал баланы сооротуп жанында жаткан. Бир маалда Р.Жумабаева эшикти ачып, сыртка чыгып кеткенин байкап, артынан барайын десе, эшикти бекитип кеткен экен. Ал экинчи ачкычты таап, эшикти ачып, кызын чакырса, жооп берген эмес. Андан кийин балконго чыгып, кызын чакырган, бирок эч кимди коро алган эмес, дабыш да угулган эмес. Ошону менен уктабай чыккан. Р.Жумабаева ошол туну сыртка чыгаарда озунун пижамасынын устуно капюшону бар халатын жана анын илинип турган чыптамасын кийип кеткен. Эртеси куну кызы Р.Жумабаева киши колдуу болуп каза болгону жонундо уккан. Р.Жумабаеванын жанынан чыптамасынын чонтогунон топчусу бар сары тустогу лента, 9-сом акча, бетаарчы жана уйдун ачкычы табылган. Чыптама ага тиешелуу болгондуктан кечинде аны илип жатканда жогорудагы буюмдар чонтогундо жок болгон. / Т. 1 и.б.85, 187/.

Мурунку сотто кубо катары суралган М.Аманбаева томондогудой корсотмо берген. Ш.Аманбаева анын кызы болот. 2010 жылдын 5 апрелде саат 18-00 чамаларда джинсы шымы менен уйдон алыс эмес жерде боломун деп чыгып кеткен. Анан ошол куну саат 23-00 чамаларда уйго келип жаткан. Болжол менен 2010 жылдын марттын аягында кызы кийип кеткен, сары тустогу плащы булганып жана кайсы бир женинин манжети жок келген. Ал жонундо кызы бироолор менен урушуп кеткенде, жулунуп калган болуш керек дегенинен, плащынын экинчи манжетин алып салып, жууп койгон.

Мурунку сотто кубо катары суралган Черикбаев Б.Э. томонкулорду корсоткон. 2010 жылдын 5 апрелде болжол менен саат 22-00 чамаларда Ш.Аманбаева менен А.Турсунбекова У.Аскеевдин батирине келишип, эшигин такылдатканда У.Аскеевдин сураныччы боюнча, аны уйдо жок деп койгон. Ал куну У.Аскеевдин батиринде апасы Абдылдаева К.О., агасы Далбаев Н., женеси Назира, болосу Метебаев И.М. жана иниси бар болгон. Ал куну У.Аскеев уйдон чыккан эмес, эртеси куну ал У.Аскеев менен бирге туруп, тамактанып жумушка кетишкен.

Мурунку соттук теритируудо ошондой эле корсотмону, куболор Абдылаева К., Метебаев И., жана Н.Далбаев корсотушкон.

Мурунку соттук териштируудо кубо катары суралган Кабылтаев Э. томонкулорду корсоткон, 2010 жылы 06 апрелде ал нарядка саат 08:00до чыккан. Окуя болгон жерге ал барган, ошол жерден олукту коргон. Олуктун бутунда бут кийими жок болгон, носкиси кир болчу, сары тустогу летна, ачкыч табылган, бирок кайсы жерден табылганы эсинде жок.

Соттолуучулардын, жабырлануучулардын корсотмолорун угуп, кубоордун корсотмолорнун жарыялап, иштин материалдарын изилдеп жана текшерип, сот томонку жыйынтыкка келет.

Кыргыз Республикасынын ЖПК 19 ст. 1б. корсотулгон, тергоочу иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөө үчүн ушул Кодексте каралган бардык чараларды корүүгө, шектүүнү, айыпкерди ашкерелоочу, ошондой эле жактоочу, ошондой эле алардын жоопкерчилигин жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайларды табууга милдеттүү. Бирок тергоо органдары тергоону бир гана